«МАКУЛДАШЫЛГАН»

“Сапаттуу Билим” агенттигинин
негиздөөчүлөрүнүн чогулушунун
№___4____протоколу 22.07.2025ж.

«БЕКИТИЛГЕН»

агенттиктин директору
Бостонова П.З.

КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

Кесиптик башталгыч билим берүү уюмдарын институционалдык аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому менен бекитилген «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптары жана критерийлери» негизинде иштелип чыкты.

1- стандарт. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты

Критерийлер:

1.1.Стратегиялык жана учурдагы пландар билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө жөндөм түзөт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат;

1.2. Кызыкдар тараптардын катышуусу менен чечимдерди кабыл алуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн стратегиялык жана учурдагы пландарды ишке ашыруу, билим берүү уюмунун ишине мониторинг жүргүзүү;

1.3. Ички башкаруу системасы натыйжалуу иштейт жана билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга жөндөм түзөт;

1.4. Билим берүү уюму билим берүү ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактайт;

1.5. Кызыкдар тараптар билим берүү уюмунун ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар;

1.6. Билим берүү уюму өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу боюнча чараларды көрөт;

1.7. Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.

2- стандарт. Адам ресурстарын башкаруу

Критерийлер:

2.1. Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору, анын ичинде персоналдын жана билим алуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ;

2.2. Билим берүү уюму персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылат;

2.3. Билим берүү уюму персоналдын ишин баалоонун, алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын, объективдүү механизмдерине жана көрсөткүчтөрүнө ээ.

3-стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

Критерийлер:

3.1. Билим берүү уюму билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;

3.2. Билим берүү уюмунда материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар.

3.3. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына шайкеш келет.

4- стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу

Критерийлер:

1.1. Билим берүү уюму финансыны башкарууда, бюджетти аткарууда ачыктыкты жана айкындуулукту, негизделген финансылык пландоону камсыз кылат;

1.2. Билим берүү уюму дайыма тышкы финансылык аудиттен өтүп турат;

1.3. Билим берүү уюму финансылык ресурстарды башкаруунун механизмдерин жана жол-жоболорун дайыма жакшыртып турат;

1.4. Билим берүү уюму персоналга жана билим алуучуларга социалдык колдоо көрсөтөт.